айын кошо алганда 7-10 кундо бир жолудан кем эмес болушу керек.

11. Жашылдандыруу обьектилериндегн жашыл аянттарды сугаруу эртен менен саат 8.00-9.00ден кечиктирбестен же кечинде саат 18.00-19.00ден кийин жүргүзүзүлөт.

12. Кызматтарды/иштерди сунуштоочу жашыл аянтчалардын таажысын өз убагында кыркууну камсыз кылат.

13. таажыны санитардык кыркуу иштерине - эскирген, илдетке чалдыккан, куурап калган жана бузулган бутактарды, ошондой эле таажысы ичине карай өскөн же бири-бирине жакын жайгашкан бутактарды алып салуу сыяктуу иштерди аткаруу камтылат. Санитардык кыркуу жыл сайын буткул вегетация мезгилинде жургузулөт.

14. Тузулушун келтируу учун кыркуу - таажыга ылайыктуу тузулушту камсыздоо, өсүмдүктөрдүн бийиктигин тегиздөө, жол белгилеринин, светафордун ж.б. көрүнүсүн камсыз кылуу максатында жургузулөт. Бак-дарактарды. жана бадалдарды калыптандыруу иштери бак-дарактар чандашып (ширелерин бөлүп чыгаруу) жаткан мезгилде (апрель-май) жургузулбейт.

15. Бердике баатыр айыш аймагын жашылдандыруу аларды курулуш материалдарынын калдыктарынан. таштандылардан тазалоодон, жер астындагы коммуникацияларды жана курулмаларды төшөөдөн, жолдорду, өтмөлөрдү. тротуарларды төшөөдөн, аянтчаларды жана тосмолорду ирээтке келтиргенден кийин жүргүзүлүлөт.

16. Өсүшү начар бак-дарактарды жана бадалдарды, таажысы бузулган (бир жактуу, жалпак ж.б.) жаракалары бар, ошондой эле зыянкечтерден жана илдеттерден жабыркаган бак-дарактарды отургузууга тыюу салынат. "

17. Бердике баатыр айыл аймагынын чегинде жайгашкан бардык жашыл зоналар менчигинин түрүнө карабастан бирдиктуу жашыл фондду түзөт жана коргоого алынат.

18. Менчигинин түрүнө карабастан, аймагында жашыл аянтчалары бар юридикалык жана жеке жактарга, ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин жетекчилерине милдеттендирилет жана ошондой эле жашыл аянтчаларды талаптагыдай кутуу жана сактоо жоопкерчилигин алгандар төмөнкүлөрдү камсыздашат:

- иштеп жаткан жашыл аянттардын бузулбай жана жок кылынбай толук сакталышына, ошондой эле өсүмдүктөрдү зыянкечтерден, илдеттерден жана отоо чөптөрдөн коргоону камсыз кылууга;
- жашыл зоналарды өз убагында квалификациялуу кутууну жана реконструкциялоону (капиталдык ондоону), анын ичинде бул иштерди аткарууга жашылдандыруу боюнча адистештирилген ишканаларды тартуу жолу менен камсыз кылуу;
- жашыл зоналар өскөн аймактардын тиричилик жана өндуруш калдыктары, курулуш калдыктары, канализация сыяктуу өсүмдүктөргө зыяндуу башка заттар менен булганышына жол бербөө;
- жайында кургакчылыкта газондорду, гулзарларды, бак-дарактарды жана бадалдарды сугаруу;
- газондорду тебелеп кетуугө жана аларга курулуш материалдарын, кумдарды, калдыктарды, кар, муз сыныктарын жана башкаларды сактоого жол бербөөгө;
- жаңы бак-дарактарды жана бадалдарды отургузуу, жолдордун тармагын өзгөртүү менен кайра куруу жана техниканы жайгаштыруу иштери агротехникалык шарттарды так сактоо менен белгиленген тартипте макулдашылган долбоорлор боюнча гана жургузулуугө тийиш;